**Каралды:**
**Педагогикалык**
**кеңештин**
**№1 протоколунда**
**“29” август 2022-жыл**

**Бекитем:**
**№ 94 жалпы орто билим берүү**
**мектебинин милдетин аткаруучу**

**Ажыгулова К.К.**

# Класс жетекчилердин функционалдык милдеттери боюнча жобо

**1.Окуучулардын ден соолугун жана жашоосун коргоо.**

1.1 Окуучулардын сабак мезгилиндеги кооптуу жүрүм-турумун, ден соолугун жана жашоосун камсыз кылуу;

1.2 Техникалык-коопсуздук эрежелеринин инструктаждарын өткөрүп туруу;

1.3 Класстын санитардык-гигиеналык шартын камсыздоо,окуучуларга пандемия шартында өзгөчө өздүк гигиенаны сактоо, класстын тазалыгына көңүл бөлүү;

1.4 Окуучуларды мектеп китепканасынан китеп менен камсыздоо;

1.5 Жашоонун сергек мүнөзүн жайылтуу максатында түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;

1.6 Окуучулардын окуу күнүн пландоого жардамдашуу;

1.7 Окуучулардын үй-шарты менен таанышуу;

1.8 Сабакты себепсиз калтырып жаткан окуучуларды көзөмөлгө алуу,зарыл жумушу бар окуучуга уруксаат берүүдө ата-эненин арызын алууга;

**2.Окуу иштерин уюштуруу**

2.1 Сабакка катышуу жана жетишүүсүн көзөмөлдөө,окуучулук формасын,окуучулардын партага жайгашуусун көзөмөлгө алуу;

2.2 Класстын иш кагаздарын даярдоо,күндөлүктөрдү текшерип туруу,класстык сааттарды өтүү,журналдарды өз учурунда толтуруп туруу;

2.3 Предмет мугалимдер менен байланышта болуп,сабакта тиешелүү шарт түзүүгө көмөктөшүү;

2.4 Окуучулар менен ата-энелер менен жекече иштерди алып баруу;

**3.Ата-энелер менен иштерди уюштуруу**

3.1 Үй-бүлөдөгү жана класстын микроклиматынын диагностикасын түзүү;

3.2 Окуучунун тарбиясын,билимин,социалдык абалын көзөмөлдөө,жашоо шартын анализдөөнүн планын иштеп чыгуу;

3.3 Ата-энелер чогулушун,жекече сүйлөшүүнү уюштуруу;

3.4 Ата-энелерди коллективдик иш аракеттерге тартуу,спорттук,маданий иштерге,экскурцияларга тартуу;

3.5 Окуучулардын мектепке келип кетүүсү боюнча ата-энелер менен келишим түзүү;

**4. Класста өзүн-өзү башкарууну уюштуруу**

4.1 Класстын активдерин шайлоо;

4.2 Окуучулардын таланттарына жараша иш аракеттерди уюштуруу;

5.Класстын эмгек ишмердүүлүгү.

5.1 Мектептин тегеринде иш аракеттерди уюштуруу;

(тазалоо,дежурство,эмгек иштери)

5.2 Ар бир окуучунун иш аракетинин учетун алуу;

5.3 Мектепте сабактан тышкаркы иш чараларга окуучулардыы активдүү катышууга тарбиялоо;

**6.Окуучулар менен жеке иш алып баруу**

6.1 Окуучулардын ден соолугун көзөмөлгө алуу үчүн журнал ачуу;

(санэпид алгоритм боюнча)

6.2 Класстагы окуучуларга байкоо күндөлүгүн түзүү;

6.3 Ар бир окуучунун кулк мүнөзүнө карап мамиле жасоо;

6.4 Ар бир окуучу менен жекече иштөөнүн планын иштеп чыгуу;